***Н.Б. Борсокеева***
*К.Карасаев атындагы БГУ*

# СӨЗ ЖАСООНУН АЙРЫМ ӨҢҮТТӨРҮ

Тилдеги эң негизги бирдик сөз экени анык. Сөз бара-бара көөнөрүп, маанилери өзгөрүп турат. Турмуш талабы жаңы сөздү жасайт. Ошентип сөздүк корун жаңы сөз менен толуктап туруу озуйпасы тилдин сөз жасоо системасына жүктөлөт да, ал аркылуу ишке ашырылат.

Кыргыз тилинде сөз жасоо маселесине байланыштуу Ж.Шүкүров, Б.Орузбаева, С.Кудайбергенов, С.Давлетов, Т.Садыков, И.Абдувалиев сыяктуу бир катар окумуштуулар атайын изилдөө жүргүзүп, диссертациялык иштерди коргоп, илимий монографияларды, окуу китептерди жана колдонмо куралдарды жаратышкан [1-9]. Булардын ичинен кыргыз тилиндеги сөз жасоо маселесин кенен да терең изилдеген, анын теориялык жана технологиялык өңүттөрүнө көңүл бөлүп, кыргыз тилиндеги сөздөрдүн жасалыш жолдорун ачып көрсөткөн Б.Орузбаеванын эмгектери өзгөчө баалуу [7-8]. Ошол эле маалда сөз жасоо маселеси азыркы кыргыз тил илиминин өз алдынча бөлүмү катары калыптапшты деп айтуу эртелик кылат. Ушундан улам сөз жасоо маселеси окуу китептерде да [1,3,6], академиялык грамматикаларда [2,5] да морфологиянын бир бөлүмү катары каралып келет.

Сөз жасоо, чынында да, лексикология менен грамматиканын экөөнө тең жакын. Анын лексикологияга жакындыгы сөздүк курамын байыта тургандыгынан билинет. Сөздүн кантип жасалып, кайдан келип чыгары – сөз жасоого тиешелүү дүнүйө. Ал эми грамматиканын морфология тармагына жасалган сөздөрдүн тутумдук түзүлүшү менен сөз түркүмдүк белгилери жакындатаса, синтаксис тармагына татаал сөздөрдүн курамы менен дагы эле сөз түркүмдүк белгилери жакындатат. Сөздүн морфологиялык жол менен жасалышында да, синтаксистик жол менен жасалышында да анын тутумдук түзүлүшү алдыңкы планга чыгат. Ошентип, сөз жасоо тил илиминин өз алдынча бөлүмү болгону менен сөздүн тутуму, сөздүн түркүмдүк белгилери, сөздөрдүн кошулушу аркылуу грамматиканын морфология жана синтаксис тармактары ажырагыс карым-катышта болот. Мына ушул жагдайлар сөз жасоону тил илиминин өзүнчө бөлүмү катары кароого шарт түзөт.

Жандуу көрүнүш катары тилдин сөздүк корунда өзгөрүүлөр болуп, өнүгүү процесси жүрүп турат. Себеби турмуш бир ордунда турбайт бир калыпта болбойт. Адамзат ар качан алдыга, жакшы жашоого, дүйнөнү дагы да тереңден аңдап таанууга умтула берет. Демек, жаратылыш сырларын улам жаңыча тереңден өздөштүрүү өңүттөрү, табияттын таанып билинбеген жактары адам акылына туруштук бере албай таанылa да, билине да берет. Ал эми бул процесстер ар бир жаңы ачылыштардын, жаңыдан таанылып билинген жаратылыш сырларынын тилибиздеги жаңыча аталыштары менен коштолуп жүрүп олтурат. Башкача айтканда, лексика толукталат. Албетте, лексика карым-катышта болгон тилдерден да даяр сөздөрдү кабыл алуу аркылуу толукталып турат. Бирок мындай процесске караганда тилдин өзүнүн ички ресурстары менен толукталуусу бир топ арбын жана мол болот. Тилдин өзүнүн ички табиятына ылайык жаңы сөздөр жаралат. Куранды

мүчөлөр ишке кирет, эки же андан көп сөздөр кошулат. Ошентип сөз жасоо процесси жүрөт.

Сөз жасоо термини негизинен эки мааниде колдонулат:

1) тилдеги жаңы сөздөрдүн атайын каражаттар аркылуу жасалыш заң-эрежелери, жолдору, системасы;

2) жаңы сөздөрдүн жасалышы тууралуу илим.

Биз бул жерде сөз жасоонун эки маанисинде тең иш алып барабыз. Сөздүн жасалышы белгилүү деңгээлде грамматикалык кубулуш болуп саналат. Башкача айтканда, жаңы сөздүн пайда болушу үчүн тилдик бирдиктердин аракети, сөздөрдүн же сөз мүчөлөрүнүн бири-бири менен карым-катышка түшкөн аракеттеринин натыйжасы талап кылынат. Жаңы маани берүү жана жаңы маани жаратуу үчүн тыбыштык жаңы курам, мурдагылардан башкача сырткы турпат жаралыш керек, алар ошол жаңы маанини өзүнө сиңирип алыш зарыл. Бул болсо тил илиминде сөз жасоонун өзүнчө маанилерин, типтерин жана жолдорун бөлүп көрсөтүүгө жол ачат.

Сөз жасоо мааниси бир же бир нече туунду сөздү өз ичине камтып, алардын бардыгына бирдей таралат [1: 22]. Бул жагынан сөз жасоо мааниси сөз түркүмүнүн жалпы категориялык маанисине окшоп кетет. Бирок аталган эки маанинин ортосунда орчундуу айырма бар. Сөз түркүмүнүн жалпы категориялык мааниси ошол түркүмгө кирген сөздөрдүн бүтүндөй бардыгына тиешелүү болсо, сөз жасоо мааниси ошол түркүмдөгү сөздөрдүн айрымдарына гана тиешелүү болот. Демек, сөз жасоо маанисинин таралуу чөйрөсү тар. Мисалы: *агар-, көгөр-, карар-, жашар-, кыскар-* деген атоочтон жасалган туунду этиштер «*негиз аркылуу туюндурулган белгиге ээ болуу*» деген маани боюнча өз ара жалпылыкты түзүп турат. Бул - аталган туундулардын сөз жасоо мааниси. Ушул маани аркылуу өздөрү жасалган *ак, көк, кара, жаш, кыска* сөздөрүнүн маанисинен айырмаланат. Бирок бул маани этиш түркүмүндөгү бардык этиштерге милдеттүү түрдө тарала бербейт. Ошондуктан муну жалпы категориялык маани деп кароого мүмкүн эмес, ал тек гана аталган туундуларды өз ичине камтып турат.

Сөз жасоо мааниси сөздүн лексикалык маанисинен да айырмаланат. Сөздүн лексикалык мааниси ал сөздүн керт башына гана таандык болсо, сөз жасоо мааниси эки же андан көп туунду сөзгө таандык болот. Ошондой эле бирдей сөз жасоо маанисине ээ болгон сөздөр, адатта, бирдей сөз жасоо каражаттары менен да мүнөздөлөт. Мисалы: *агар-, көгөр-, карар-, жашар-, кыскар-* сөздөрүн жасоодо бир гана каражат колдонулду. Ал - атоочтон этиш жасоочу *-ар* курандысы. Демек, сөз жасоо мааниси куранды мүчө аркылуу берилет, ал эми лексикалык маани бүтүндөй бир сөз аркылуу туюндурулат. Бул жогорудагы эки маанинин ортосундагы дагы бир айырмачылык.

Сөз жасоо тиби - туунду сөздөрдүн айрым-айрым топторго бириктирүүнүн формалдык-семантикалык схемасы (формуласы) [3: 25]. Бул деген бир типте жасалган сөздөрдүн негиздери бир түркүмдө болуп, бардыгы тең бир эле куранды менен жасалды дегенди билдирет. Мисалы: *сынык, чирик, жарык, жабык, бузук, өсүк* деген сөздөрдүн уңгулары *сын-, чири-, жар-, жап-, буз-, өс-* бир түркүмдөгү сөздөр, булардан жаңы сөз жараткан куранды да *–ык* мүчөсү. Демек, бул сөздөр – бир типте жасалган сөздөр. Дагы бир мисал: *байла-, сүйлө-, сыйла-, ыйла-* деген туунду сөздөр да сөз жасоонун бирдей тиби менен жасалган. Анткени негиздери (*боо, сөз, сый, ый*) - зат атоочтор, бардыгында тең бир эле *-ла* курандысы, жасалган жаңы сөздөр - этиштер. Келтирилген мисалдар төмөнкү схемага алып келет: *этиштик негиздер + -ык курандысы = атооч сөздөр, атооч негиздер +-ла курандысы = этиш сөздөр.*

Ошентип, сөз жасоонун тиби үчүн төмөнкүдөй жалпылыктардын болушу шарт:

1) жасала турган сөздөрдүн негиздеринин бирдей сөз түркүмүндө турушу;

2) негиз менен жаңыдан жасалган сөздүн ортосунда маанилик жалпылыктын болушу;

3) жаңыдан жасалган сөздөрдөгү сөз жасоо маанисинин бирдей болушу;

4) жаңыдан жасалган сөздөрдү алардын негиздеринен айырмалоочу грамматикалык каражаттардын (курандылардын) бирдей болушу;

5) жаңыдан жасалган сөздөрдүн бирдей сөз түркүмүндө болушу.

Мисалы: *оймо, чийме, сүзмө, түймө, сайма, кырма* деген сөздөрдүн жасалышы бир типте болот, анткени буларда беш шарт бирдей сакталат:

1) бардыгынын негиздери (*ой-, чий-, сүз-, түй-, сай-, кыр-*) бирдей сөз түркүмүндө (этиш) турат;

2) жасалган сөздөрдүн мааниси негиздердин мааниси менен байланышат: *ой - оймо, чий - чийме, сүз - сүзмө, түй - түймө, сай - сайма, кыр - кырма*;

3) жасалган сөздөрдүн сөз жасоо мааниси бирдей - *«негиз билдирген кыймыл-аракеттин натыйжасын туюндурган зат»* маани бардыгына таандык;

4) жасалган сөздөрдү алардын негиздеринен бир эле каражат, *-ма* курандысы айырмалап турат;

5) жаңыдан жасалган сөздөр бирдей сөз түркүмүндө турат, бардыгы - зат атоочтор.

Кыргыз тилинде жасалган сөздөр бир топ арбын. Алардын ар кандай ыктар, амалдар менен жасалгандыгына карай өзүнчө бөтөнчөлүктөрү бар. Мисалы: *малчы, басма, ачыткы, сына-, көбөй-* деген сөздөр негизги куранды мүчөлөрдүн жалганышы менен жасалса, *байке, таята, быйыл,аткулак, Каракол, Жаныбек* деген сөздөр эки сөздөн кошулуп, лексикалык бир маани билдириши аркылуу жасалган. Ошентип, сөздөрдүн жасалыш ыгындагы айырмачылыктарга карата кыргыз тилинде сөз жасоонун эки жолу болот: сөз жасоонун морфологиялык жолу жана сөз жасоонун синтаксистик жолу.

Тил илиминде айтылып жүргөн сөз жасоонун лексика-семантикалык жолу айрым окумуштуулар тарабынан лексикалык маанилер алкагында лексикологиянын объектиси деп эсептелет [3: 26-27]. Биз да ушул көз караштты колдоп, төмөндө сөз жасоонун эки жолу тууралуу сөз кылабыз.

Негизге куранды мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу сөздөрдүн жасалыш ыгы сөз жасоонун морфологиялык жолу деп аталат. Мисалы: *саанчы, илимпоз, энелик, түймө, тоют, тончон, ырда-, сана-, байы-, көбөй-, көнүк-, тамчыла-, тарсылда-, чыркыра-* ж.б. сөздөр тиешелүү куранды мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган, морфологиялык ык менен жасалды. Сөз жасоонун морфологиялык жолу менен жасалган туунду сөздөр кыргыз тилинде абдан көп. Морфологиялык жол менен сөз жасай турган курандылар да мол.

Эки же андан көп сөздүн кошулушу аркылуу жаңы сөздөрдүн жасалыш ыгы сөз жасоонун синтаксистик жолу деп аталат [9]. Мисалы: *агайын, кайната, бүгүн, айбалта, кумшекер, ашказан, үй-жай, ата-бала, кызкыркын, курал- жарак, баш бак-, кол кой-, көз сал-, Сагыналы, Мукамбеткалый, Сатыбалды, Арчатору, Аккыя, Он бир жылга, Чатыркөл* ж.б. сөздөр эки (үч) сөздүн биригип бир маани бериши аркылуу жасалган. Кыргыз тилинде мындай ык менен жасалган сөздөр да өтө көп. Мисалы, зат атоочтор: *кыларкан, таяке, жетата, көккытан, ташкөмүр, бала-бакыра, ыйкы-*

*тыйкы, куч-кубат, Сатыбалды, Токтобубу, Турусбек, Шамалдысай, Акталаа* ж.б. Сын атоочтор: *боз ала, жээрде кашка, кызыл ала* ж.б. Сан атоочтор: *он бир, кырк сегиз, бир жүз отуз беш, алты миң сегиз жүз токсон төрт, экиден бир, үч-үчтөн, төрттөн бир, төрт-беш, жыйырма-отуз, бирин-серин* ж.б. Ат атоочтор: *кимдир бирөө, кайсы бир, эч качан, эч бир, ар ким, ар нерсе, алда ким* ж.б. Этиштер: *ала кел-, бара бер-, келе бер-, байкай кой-, окуп чык-, тоюп ал-, ырдап кой-, капа бол-, көз сал-, тил ал-, кол кой-, жол чал-, тырп эт-, жарк эт- , чү де-, кош де-, жылт кой-, чөк түш-* ж.б. Тактоочтор: *ары-бери, бетте-бет, анча-мынча, эртели-кеч, анда-санда, ар дайым* ж.б.

Синтаксистик жол менен жасалган сөздөр татаал сөздөр деп аталат. Алар жөнөкөй сөздөрдөн тутумдук түзүлүшү менен айырмаланат. Бирок булар деле тутумунда эки же андан көп сөз болгонуна карабай лексикалык бир гана маанини билдирет. Демек, татаал сөздөр сүйлөмдө сүйлөмдүн бир эле мүчөсүнүн милдетин аткарат. Татаал сөздөрдүн айрым топтору жөнөкөй сөздөрдөн грамматикалык маанилери боюнча да айырмаланат. Мисалы: *киши-кара, бала-чака, мал-сал, эгин-тегин* деген сыяктуу татаал сөздөрдө жамдама сан мааниси болот.

Татаал сөздөрдүн грамматикалык жактан уюшулушу өтө ар түрдүү, ошондуктан аларды төмөндөгүдөй топторго бөлүп кароого болот:

1. Ыкташуу байланышы менен уюшулган татаал сөздөр. Кыргыз тилиндеги татаал сөздөрдүн басымдуу бөлүгү ушул ык менен уюшулган. Алар тутумундагы сөздөрдүн мүнөзүнө жараша андан ары дагы бөлүнөт:

а) жалаң атоочтордун айкашынан турган татаал сөздөр: *каржилик, таштүлөк, өнөржай, ашказан, бүгүн, чоңата, Ысыккөл, Ылайталаа, Сарыжаз, Жоошбай, Алмагүл, Турганбай, илимий даража, айылдык кеңеш, беш айлык, эл аралык* ж.б.

б) атоочтор менен этиштердин айкашынан турган татаал сөздөр: *кол сал-, жакшы көр-, жок кыл-, өч ал-, дем ал-, баш ий-, пайда бол-, баш бак-* ж.б.

в) чакчылдар менен байланышып уюшулган татаал сөздөр: *бара бер-, жаза сал-, тура тур-, кийе кой-, окуп жибер-, кайтып кел-, байкай кой-* ж.б.

2. Таандык байланыш менен уюшулган татаал сөздөр: *бирдин айы, бештин айы, шайлоо комиссиясы* ж.б.

3. Башкаруу байланышы менен уюшулган татаал сөздөр: *жолго сал-, көзгө түш-, колго сал-, күнүн көр-, жокко чыгар-* ж.б.

4. Тең байланыш аркылуу уюшулган татаал сөздөр. Мындай ык менен уюшулган татаал сөздөр да кыргыз тилинде бир топ арбын. Булар да өз ара бири-биринен айырмаланган топторго бөлүнөт:

а) түгөйлөрүнүн бардыгы лексикалык маани берип турган сөздөрдөн негиздерден) уюшулган татаал сөздөр: *тоо-таш, курал-жабдык, куч-кубат. азаптозок, алыш-бериш, эрди-катын, кадыр-барк, алабал, кылык-жорук, ит- куш, курт-кумурска* ж.б.

б) түгөйлөрүнүн бири лексикалык маани бере албаган сөздөрдөн негиздерден) уюшулган татаал сөздөр: *кыз-кыркын, китеп-митеп, бала- бакыра, эгин-тегин, кийит-кечек* ж.б.

***Адабияттар***


1. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: морфология. –Б., 1997.
2. Азыркы кыргыз адабий тили: фонетика, лексикология, лексикография, фразеология, морфология, синтаксис, стилистика, текстаануу, лингвопоэтика. -Б., 2009.
3. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. -Ф., 1980.
4. Кудайбергенов С. Кыргыз тилинде этиштин жасалышы. -Ф., 1979.
5. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы: фонетика жана морфология. -Ф., 1980.
6. Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология. -Ф., 1964.
7. Орузбаева Б.О. Словообразование в киргизском языке. -Ф., 1964.
8. Орузбаева Б.О. Сөздүн курамы. -Б., 2000.
9. Шүкүров Ж.Ш. Кыргыз тилиндеги татаал сөздөр. -Ф., 1955.